**Коомдук кеңештерге 10 жыл - жарандык катышуунун эффективдүү институттарынын бири» конференциясы**

Европа Биримдигинин «Ачык коомчулуктар – ачык ЖМК» долбоору «Коомдук кеңештерге 10 жыл - жарандык катышуунун эффективдүү институттарынын бири» деген темада конференция уюштурду.
Иш-чара 2021-жылдын 18-ноябрында саат 14:00 дөн 18:00 гө чейин «Хаятт Ридженси Бишкек» мейманканасында өттү.
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коомдук кеңештердин координациялык кеңешинин өкүлдөрү Төлөнбек Абдыров жана Аида Курбанова конференциянын модераторлору болушту.




Конференцияга мамлекеттик жана кичи коомдук кеңештердин мүчөлөрү, мамлекеттик органдардын, коомдук, эл аралык уюмдардын жана медиа өкүлдөрү катышты.

Мамлекеттик органдар менен жарандардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу, конкретүү жамааттка ар тараптуу социалдык-укутук жардам көрсөтүү, кызматташуунун эң натыйжалуу формаларын жана механизмдерин аныктоо боюнча биргелешкен стратегиялык кадамдары аттуу темалары талкууланды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын саясатты өнүктүрүү жана реформаларды ишке ашыруу бөлүмүнүн башчысы Аскар Бешимов катышуучуларды 10-жылдык мааракеси менен куттуктап, Кыргызстандагы коомдук кеңештердин ишмердүүлүгүнүн маанилүүлүгүн баса белгиледи.




Ошондой эле Европа Биримдигинин Кыргыз Республикасындагы  Өкүлчүлүгүнүн башчысы Эдуард Ауэр, Европа Биримдигинин «Ачык коомчулуктар-ачык ЖМК» долбоорунун улуттук координатору Светлана Баштовенко, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрилигинин маалымат бөлүмүнүн башчысы Салкын Сарногоева жана башка чакырылган спикерлер сүйлөштү.






Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коомдук жана кичи коомдук кеңештердин өкүлдөрү өз ишинин натыйжалары, мыкты үлгүлөрү, ЖМК менен кызматташуусу тууралуу айтып беришти.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коомдук кеңештердин өзгөчөлөнгөн мүчөлөрү ыраазычылык каттары менен сыйланышты.



Талкуунун жыйынтыгы жана алынган сунуштар боюнча катышуучулар 10-жылдык өз ара пайдалуу иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча Резолюцияны жана жаңы ишке ашыруу пландарын даярдашты.

